КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН

ГЕОМЕХАНИКА ЖАНА ЖЕР КАЗЫНАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ

ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 25.21.643 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК: 622.33.013.3(575.2) (043.03)

БОТОКАНОВА БАКТЫГУЛ АСАНКОЖОЕВНА

МАТЕМАТИКАЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЫКМАСЫ МЕНЕН БАСЫМДУУ ТУННЕЛДЕРДИН АЙЛАНАСЫНДАГЫ ТОО ТУЛКУСУНУН ЧЫНАЛУУ-ДЕФОРМАЦИЯЛЫК АБАЛЫН БААЛОО

25.00.20 – геомеханика, тектерди жардыруу менен талкалоо, рудник аэрогазодинамикасы жана тоо-кен жылуулук физикасы

техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

Автореферат

Бишкек – 2022

Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз - Орус Славян университетинде

К.И. Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинде аткарылды

Илимий жетекчи **Жумабаев Бейшенбек**
Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус
Славян университетинин профессору,
техника илимдеринин доктору

Расмий оппоненттер:

Жетектөөчү мекеме: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Бишеке ш., Ч. Айматов проспектиси. 66

Ишти коргоо «___ »_____ 2022-ж. саат __дө КР УИА Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтуна жана Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу доктордун (кандидаттын) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияны коргоо боюнча Д 25.21.643 диссертациялык кеңешинин отурумунда, 720055, Бишкек шаары, Медеров көч., 98 дареги боюнча өткөрүлөт. Онлайн режиминде диссертация коргоонун идентификациялык коду: _____

Диссертация менен КР УИА Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунун китепканасында, Бишкек ш., Медеров көч., 98, жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин китепканасында, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57, Институт сайтында https://igion.megaline.kg/ жана КР ЖАК сайтында: http://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат «__ » _____ 2022-ж. таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, ф.-м.и.к., доцент Исаева Г.С.

ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Жер астынан пайдалуу кендерди иштетүү, ошондой эле гидроресурстарды туннелдер аркылуу ташып жеткирүү жер астындагы мейкиндиктин айланасындагы тоо массасынын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн илимий изилдөөлөрдү талап кылат. Тоолуу райондордо кен казуу жана транспорт, гидротехникалык туннелдерди курууга муктаждык зарыл. Туннелдердин айланасындагы мейкиндиктердин туруктуулук абалын түзүү көптөгөн факторлорго көз каранды. Бул тоо капталдарынын жана ойдуңдарынын таасирин, гравитациялык, сейсмикалык, тектоникалык күчтөрдүн, суунун басымынын жана башка тышкы күтөрдүн биргелешкен аракетин эске алуу менен жүргүзүлөт. Ошондуктан, жогоруда келтирилген факторлорду эске алуу менен тоо-кен казанактардын жана туннелдердин айланасындагы тоо тектеринин чыңалуу жана деформацияланган абалына баа берүү актуалдуу милдет болуп саналат.

Туннелдердин айланасындагы тоо тулкуларынын абалын баалоо үчүн, ошол эле учурда күч факторлорунун айырмасын эске алуу зарыл болсо, жүк түшүрүү, ультра үн үндөө сыяктуу салттуу ыкмалар абдан кымбат жана натыйжасыз болуп калат. Тоолордун бийиктиги километрлер менен, ал эми тоо-кен иштетүүнүн өлчөмдөрү ондогон метрлер менен ченелген учурда чектүү айырмачылык же чектүү элементтер методун колдонуу илимий изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгүн жана тактыгын жоготулгандыктан, объектерде изилдөө дээрлик реалдуу эмес болуп калат.

Ошентип, кен казуу казанктарынын жана туннелдердин айланасындагы тоо тектеринин чыңалуу-деформациялык абалын эсептөө үчүн аналитикалык моделди түзүү зарыл. Туннелдердин айланасындагы тоо тулкуларынын чыңалуу абалын эсептөөдө, тоолуу рельефти, туннелдин жайгашкан ордун, гидростатикалык басымды, көлөмдүк жана тектоникалык күчтөрдү эске алат.

Диссертациянын темасынын илимий программалар, темалар менен байланышы. Диссертациянын натыйжалары Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүү министрлигинин заказы боюнча илимий-изилдөө иштерине киргизилген. Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинде төмөнкү долбоорлор ишке ашырылган:

- Тоолуу шарттарда инженердик курулмалардын (плотиналардын) динамикасына баа берүү жана конструкциялык материалдардын механикасын моделдөө ыкмаларын иштеп чыгуу; (2012-жылдын отчету, 55-77- беттер).
- Тереңдиктеги казанактарды иштетүү шарттарында жана бийик тоолордо жогорку басымда тоо тектердин бекемдиги жана деформацияланууучулугу. (2013-ж., 27-46- беттер, 2014-ж., 19-44- беттер).

- Кыргызстандын шартында сейсмикалык коркунуч жана инженердик курулуштарды сейсмикалык коргоо. (2016-ж. отчету, 20-32-беттер).

Диссертациялык иштин максаты – гравитациялык тартылуу күчү, тектоникалык кысуу жана суунун басымы аракет кылган шарттарда тоонун тулкусунда жайгашкан басымдуу гидротехникалык туннелдердин чыңалуу-деформациялык абалын аналитикалык моделдөө ыкмасы менен баалоо.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Тоонун рельефинин формасын, гравитациялык жана тектоникалык күчтөрдүн аракетин эске алуу менен болжолдонгон туннель жайгашкан тоо тулкусундагы тоо тектеринин баштапкы чыңалуу абалын баалоо жана аналитикалык мүнөздөмө берүү.
2. Жарым тегиздиктин рельефтик өзгөчөлүктөрүн, типтүү формаларын жана өлчөмдөрүн көмөкчү жарым тегиздиктеги оюк менен конформдук математикалык чагылдырууну колдонуп, туннель кесилиштеринин ар кандай формаларын бирдик айлананын сыртында моделдөө үчүн аналитикалык ыкмасын колдонуу.
3. Гравитациялык тартылуу күчү жана тектоникалык кысуунун биргелешкен же айрым аракеттерин эске алып, анын жайгашкан ордун жана тоо тулкуларынын баштапкы чыңалуу абалын эске алуу менен туннелдердин айланасындагы тоо тектеринин чыңалуу-деформациялык абалынын аналитикалык моделин түзүү.
4. Колосово-Мусхелишвили методунун алкагында кесилиштердин типтүү формаларын эске алуу менен туннелдердин айланасындагы чыңалуулардын кайра бөлүштүрүлүшүнө суунун басымынын таасиринин аналитикалык сүрөттөлүшү.
5. Ар кандай факторлордун: тоо тулкусунун формасынын, туннелдин жайгашкан ордун жана кесилиш формасынын, гравитациялык тартылуу күчүнүн, тектоникалык кысуунун жана суунун басымынын таасири астында туннелдердин айланасындагы чыңалуулардын, деформациялардын, жылышуулардын бөлүштүрүлүшүн эсептөө жана талдоо методологиясын түзүү.
6. Жекече жана биргелешкен күч факторлорунун таасири астында, гидротехникалык туннелдердин айланасында чыңалуу талааларынын, тоо тектеринин деформацияларынын таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн түзүү.

Иштин илимий жаңылыгы төмөнкүдөй:

1. Параболикалык цилиндр менен чектелген терең капчыгайдын зонасында, дээрлик тик эңкейиштүү жалгыз тоо, тоо аралык ойдуң жана дарыя зонасында тоолуу рельефтүү тоо тулкусунун баштапкы чыңалуу абалын бөлүштүрүүнүн эсептөө алгоритми түзүлүп, белгиленген

мыйзам ченемдүүлүктөрү, башка белгилүү авторлордун мурдагы натыйжаларынан айырмаланат. Натыйжа 1 жарым-жартылай жаңы.

2. Тоонун рельефинин баштапкы чыңалуусу, туннель жайгашкан ордун жана типтүү формаларын эске алуу менен туннелдердин айланасындагы тоо тектеринин чыңалуу-деформациялык абалы аныкталды жана аналитикалык жол менен мүнөздөлдү. Натыйжа жаңы.
3. Тоо тулкусунда жайгашкан туннелдердин айланасындагы суу басымынын таасири астында пайда болгон чыңалуу абалына жана чыңалуулардын кайра бөлүштүрүлүшүнө баа берилди. Сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр суунун басымынын чоңдугуна жана тегерек кесилиштүү туннелдерден башка типтүү кесилиш формаларына жараша аныкталды. Натыйжа 3 жаңы.
4. MATHCAD программалык чөйрөсүндө туннелдердин айланасындагы чыңалууларды эсептөөнүн аналитикалык модели түзүлдү жана методикасы иштелип чыкты, ал гравитациялык, туурасынан кеткен тектоникалык күчтөрдүн, суунун гидростатикалык басымынын биргелешкен же жекече аракеттерин, жана типтүү кесилиш формаларын эске алууга мүмкүндүк берет. Натыйжа 4 жаңы.

Алынган натыйжалардын теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү.

- сейсмикалык, тартылуу жана тектоникалык күчтөрдүн, ошондой эле гидростатикалык басымдын таасирин эске алуу менен басымдуу гидротехникалык туннелдердин айланасындагы тоо тулкусунун чыңалуу жана деформацияланган абалынын аналитикалык моделин иштеп чыгуу;
- оперативдүү экспертиза жүргүзүүдө жана инженердик чечимдерди кабыл алууда тоолуу райондордо жайгашкан туннелдердин абалын эсептөө жана баалоо методологиясын колдонуу;
- туннелдердин формаларын жана өлчөмдөрүн тандоо, тоонун бооруна, капчыгайларга жана башка тоолуу аймактарда туннелдерди долбоорлоо;
- аналитикалык моделдөө жолу менен инженердик маселелерди чечүү үчүн окуу куралдарын түзүү;
- тоо тулкуларында жайгашкан тоо тектеринен кен өндүрүүдө жана жер астындагы казанактардын, туннелдердин, коммуникациялардын, айланасындагы чыңалуу-деформациялык абалына эксперттик баа берүү.

Диссертациялык иштин жыйынтыгы Б.Н. Ельцин атындагы КОСУнин окуу процесстерине киргизилген. Адистерди даярдоодо:

- 15.03.03 (650500) «Колдонмо механика» багыты боюнча «Серпилгичтүүлүктүн эки өлчөмдүү теориясынын математикалык

методдору» жана «Жогорку математика боюнча атайын бөлүмдөр жана практикум» сабактарына;

- 08.03.01 – Россия Федерациясы жана 750500 – КР “Курулуш”, профили «Гидротехникалык курулуш» багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо “Кен иштерин өндүрүү” сабагы;
- К.И. Скрябин атындагы КУАУнин «Тоо-кен гидротехникалык курулушу» кафедрасында, «Гидротехникалык курулуш» профили, 750500 – «Курулуш» адистиги боюнча бакалаврларды даярдоодо: «Топурактын механикасы», «Математикалык моделдөө жолу менен инженердик маселелерди чечүү» сабактарында колдонулган.

Диссертациянын коргоого алып чыккан негизги жоболору:

- 15 типтүү туннель кесилиштерин моделдөөнүн бирдиктүү ыкмасы жана чагылдыруучу функциянын туруктуу параметрлерин өзгөртүү жолу менен туннелдердин айланасындагы чыңалуу-деформациялык абалдын аналитикалык сүрөттөлүшү;
- чыңалууну жана деформация талааларын эсептөө үчүн MATHCAD программасы тарабынан берилген аналитикалык моделди колдонуу менен тоо тектеринин баштапкы абалын, туннелдин жайгашкан ордун жана формасын эске алуу менен туннелдердин тегерегиндеги тоо тектеринин чыңалуу-деформациялык абалын аладын ала аныктоо;
- тартылуу, горизонталдык тектоникалык күчтөрдүн, басымдын жоктугуна жана суунун гидростатикалык басымынын биргелешкен аракетине жараша туннелдердин айланасындагы тоо тектердин чыңалуу-деформациялык абалын аналитикалык сыпаттоо;
- MATHCAD программалык чөйрөсүнүн продуктусун пайдалануу менен гидротехникалык туннелдердин айланасындагы тоо тулкуларынын чыңалуу-деформациялык абалын эсептөөнүн жана графикалык долбоорлоонун автоматташтырылган алгоритми.

Илимий жоболор гравитациялык тартылуу күчү жана гидростатикалык басымдын таасири астында басымдуу туннелдер үчүн серпилгичтүүлүк теориясынын маселесин чечүүгө негизделген. Бул басымдуу гидротехникалык туннелдердин чыңалуу-деформация абалын эсептөө методологиясын негиздөө үчүн аткарылган. Моделдөө төмөнкү этаптардан турат:

1. Гидротехникалык туннелдердин тоо-кен иштерине чейинки баштапкы чыңалуу-деформациялык абалы.
2. Тоо-кен иштеринен кийинки гидротехникалык туннелдердин чыңалуу-деформациялык абалынын өзгөрүшү.
3. Гидротехникалык туннелдердин суу басым күчүнүн таасири астындагы чыңалуу-деформациялык абалы.

Автордун жеке салымы: илимий-техникалык проблеманы изилдөөнүн максатын жана милдеттерин коюу; гидротехникалык туннелдердин айланасында тоо тулкусун чагылдыруу функциясы менен көрсөтүү алгоритмин иштеп чыгуу; MATHCAD программалык чөйрөсүндө туннелдердин тегерегиндеги тоо тектеринин деформацияланган абалын изилдөө үчүн жаңы автоматташтырылган системаны ишке ашыруу.

Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо. Изилдөөнүн негизги натыйжалары талкууланып, билдирилди жана жарыяланды: «Тоо гидротехникалык курулуш» деген илимий конференцияларда жана семинарларда К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде. (Бишкек, 2004,2009-жж); Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунда «Механика жана катуу чөйрөдө заманбап проблемалары» эл аралык конференциясында. (Бишкек, 2005, 2011, 2012, 2013-жж); Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетиндеги механика кафедрасында. (Бишкек, 2006, 2013-жж); «Илим жана билим жарчысы» илимий-методикалык журналында. (Москва, 2018-ж); «Табигый жана техникалык илимдер» журналында. Ал рецензияланган алдыңкы илимий журналдардын жана басылмалардын тизмесине, ошондой эле эл аралык Chemical Abstracts маалымат базасына киргизилген. (Москва, 2018-ж); Забайкал мамлекеттик университетинин теориялык жана илимий-практикалык журналында (Чита, 2018-ж); «European Applied Sciences» илимий журналында (ISSN Улуттук борбору). (Вена, 2018-ж); «Кыргызстандын илими, жаңы технологиялары жана инновациялары», «Кыргызстан ЖОЖ кабарлары» илимий журналында. (Бишкек, 2018, 2021-жж).

Изилдөөлөрдүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары сегиз басылмада 17 илимий макалада, анын ичинен 5 макала чет өлкөлөрдө, рецензияланган журналдарда жарыяланган.

Диссертациянын курамы жана көлөмү.

Диссертациялык иш кириш сөздөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан, 132 барак компьютердик текстте баяндалган тиркемелерден турат, 21 таблицадан, 51 сүрөттөн, 78 аталыштагы адабияттар тизмесинен турат.

ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Кириш сөздө изилдөө темасынын актуалдуулугун негиздеди, жалпы мүнөздөмө жана анын изилденүү даражасы берилди, иштин максатын жана милдеттерин ачып, илимий жаңылыкты, автор тарабынан коргоого коюлган

негизги жоболорду жана алардын практикалык маанисин жана изилдөө натыйжаларын апробациялоону баяндады.

Биринчи бөлүмдө диссертациялык иштин темасына тиешелүү иштердин кыскача сын көз карашы жасалып, колдонулган математикалык аппарат жана гидротехникалык туннелдердин айланасындагы басымдын абалын баалоонун методологиялык негиздери берилген.

Буга чейин Н.И. Мусхелешвили (1966 ж.) жана Н. Савин (1968 ж.) монографияларында тешиктердин жанында чыңалууну бөлүштүрүүнүн чектеги маселелерин чечет. Кийинчерээк бул проблемалар Колосов-Мусхелишвили ыкмасы менен конформдук чагылдыруу аппаратын колдонулуп бир нече жолу чечилген. С.Г. Авершин, С.А. Балалаева, В.Н. Груздева, Ж.С. Эржанова (1971 ж.), Ш.М. Айталиева, Ж.К. Масановдордун (1980 ж.) эмгектеринде тоо-кен казанкактардын салмактуу тегиздикте чыңалуулары изилденген.

Тоо-кен казанактарынын айланасындагы алгачкы чыңалуу абалы (туннельсиз) Е.В. Калинин (1970 ж.), Д.М. Ахпателов, З.Г. Тер-Мартиросяндардын (1976) илимий иштеринде каралган.

Тоо-тек тулкусундагы алгачкы чыңалуу абалын түшүрүү ыкмасы менен И.Т. Айтматов, К.Ч. Кожогулов (1999) жана башка авторлор изилдешкен.

Б.Жумабаев жана Г.С. Исаева (1990) илимий иштеринде туннелдердин таасири жок суу сактагычтардын таасирин эске алуу менен капчыгайдын чыңалуу абалын изилдеген. Капчыгай зонасында жайгашкан тегерек кесилиши бар казанактын айланасындагы тоо-тектеринин чыңалуу абалы Б.Жумабаев жана Г.Б. Ходасевич (1991 ж.) изилдеген.

Тоонун рельефинин формасын эске алуу менен баштапкы чыңалуу абалын баалоонун математикалык моделдөө ыкмасынын альтернативалуу жолу К.Ж. Усеновдун (2002) илимий иштеринде чагылдырылган.

Тоо тулкусунун баштапкы чыңалуу абалын баалоодо эң эффективдүү ыкма Коши тибиндеги интегралдардын касиеттерин колдонуу менен жарым-чексиз изилдөө аймакты жарым тегиздикке конформдук чагылдырып түшүрүү аппаратын колдонууга негизделген.

Чагылдыруу функциясы $\omega_1(\zeta)$, $\zeta = \xi + \iota\eta$, $\eta \leq 0$, $-\infty \leq \xi \leq \infty$ жарым тегиздикте жарым чексиз аймакта жана $\Phi(\zeta)$ жана $\Psi(\zeta)$ комплекстүү потенциалдары аркылуу ишке ашып, чектик шарттарды канааттандырат:

$$\Phi(t) + \overline{\Phi(t)} - e^{2i\alpha}\left[\overline{\omega(t)}\Phi'(t) + \Psi(t)\omega'(t)\right] = N - iT \qquad (1)$$

мында N жана T тиешелүүлүгүнө жараша жарым чексиз аймактын контурларынын нормалдуу жана тангендер компоненттери.

Башка учурда, иштөөчү түзүлүштөрдүн жана туннелдердин формалары моделделгенде $\omega_2(\zeta)$, $\zeta = \rho \cdot e^{2i\theta}$, $1 \leq \rho \leq \infty$, $0 \leq \theta \leq 2\pi$ чагырдыруу функция колдонулат жана комплекстүү потенциалдар $\Phi(\zeta)$ жана $\Psi(\zeta)$ чектик шарттары табылат:

$$\Phi(\zeta) + \overline{\Psi(\zeta)} - e^{2i\alpha}\left[\overline{\omega_1(\zeta)}\Phi'(\zeta) + \Psi(\zeta)\omega_2'(t)\right] = \sigma_\rho + i\tau_{\rho\theta} \qquad (2)$$

мында σ_ρ жана $\tau_{\rho\theta}$ (1) жумушчу казанактардын жана туннелдердин контурундагы нормалдуу жана тангендер компоненттери.

(1) жана (2) чектик маселелерди чечүүдө $e^{2i\theta}$ жана $e^{-2i\theta}$ туюнтмалары чагылдыруу функциясынын кабыл алынган формасынан гана аныкталат. α параметринин маңызы 0ξ же 0ρ өзгөрмөлөрүнүн багыты боюнча аймактын каалаган чекитиндеги OX горизонталдык огу менен тангенстин ортосундагы бурч болуп саналат.

Мында $\sigma_x, \sigma_y, \tau_{xy}$ чыңалуу компоненттери XOY жана $\sigma_\xi, \sigma_\eta, \tau_{\xi\eta}$ же $\sigma_\rho, \sigma_\theta, \tau_{\rho\theta}$ чыңалуу компоненттери ийри сызыктуу координаттардагы тегиздигинде $\zeta = \xi + i\eta$ жана $\zeta = \rho e^{i\theta}$ ар кандай массивдеги чекит байланышына ээ.

$$\begin{gathered}\sigma_x + \sigma_y = \sigma_\xi + \sigma_\eta = \sigma_\rho + \sigma_\theta \\ \sigma_\eta - \sigma_\xi + 2i\tau_{\xi\eta} = (\sigma_x - \sigma_y + i\tau_{xy})e^{2i\alpha} \\ \sigma_\theta - \sigma_\rho + 2i\tau_{\rho\theta} = (\sigma_y - \sigma_x + i\tau_{xy})e^{2i\alpha}\end{gathered} \tag{3}$$

Ийри сызыктуу координаттардагы чыңалуу компонентин эсептөө үчүн (1) жана (2) дан табылган $\Phi(\zeta)$ жана $\Psi(\zeta)$ функциялары Мусхелишвили катыштарынын жардамы менен колдонулат:

$$\sigma_\xi + \sigma_\eta = 2Re\left[\Phi(\zeta) + \overline{\Phi(\zeta)}\right] \tag{4}$$

$$\sigma_\eta - \sigma_\xi + 2i\tau_{\xi\eta} = 2[\omega(\zeta)\Phi'(\zeta) + \Psi(\zeta)] \tag{5}$$

$e^{2i\alpha}$ жана $e^{-2i\alpha}$ өлчөмдөрү чагылдыруу түрүндөгү $\omega_1(\zeta)$ барабар:

$$e^{2i\alpha} = \frac{\omega'(\zeta)}{\overline{\omega(\zeta)}}; \quad e^{-2i\alpha} = \frac{\overline{\omega'(\zeta)}}{\omega'(\zeta)} \tag{6}$$

$\omega_2(\zeta)$ чагылдыруучу тешиктерин көрсөтүүдө:

$$e^{2i\alpha} = \frac{\overline{\zeta^2}}{\rho^2}\frac{\overline{\omega_2'(\zeta)}}{\omega_2'(\zeta)}; \quad e^{-2i\alpha} = \frac{\rho^2}{\zeta^2}\frac{\omega_2'(\zeta)}{\overline{\omega'(\zeta)}}; \tag{7}$$

Жарым чексиз аймактын же туннель контурундагы ийри сызыктуу координаттардагы $\sigma_\xi, \sigma_\eta, \tau_{\xi\eta}$ жана $\sigma_\rho, \sigma_\theta, \tau_{\rho\theta}$ чыңалуу компоненттери (1) жана (2) шарттарын так аткарылышын баалоо үчүн зарыл экендигин белгилей кетүү керек. Алар тоо тулкусунун ички чекиттеринде чекиттен чекитке өзгөрүлүүчү чыңалуулардын таралышынын мүнөзүн жана чыңалуу багытынын чоңдугун талдоо үчүн анча деле пайдалуу эмес.

Чыңалуу бөлүштүрүүнү талдоо үчүн, XOY огунун координаты менен байланышкан чыңалуу компоненттери колдонулган. Мындан тышкары, берилген октун координатасында ар түрдүү күч факторлорунун таасиринен келип чыккан чыңалуу талааларын жалпылоо ыңгайлуу. Андан кийин, контур чекиттеринде курулган чечимдердин тактыгын баалоо үчүн ийри сызыктуу координаттарда эсептелген чыңалуу компонентин, ал эми ар түрдүү күч факторлорунун таасиринен келип чыккан чыңалуу талааларын кошуу үчүн $\sigma_x, \sigma_y, \tau_{xy}$ чыңалуу компоненттерин колдонобуз.

Экинчи бөлүмдө терең капчыгайдын, жалгыз тоонун, тоолор аралык ойдуңдун жана дарыя капчыгайынын жантайындагы алгачкы чыңалуу абалынын алдын ала айтуу эсептөө программасынын алгоритми түзүлөт.

Иштин максаты гидротехникалык туннелдердин айланасындагы тоо тулкусунун чыңалуу-деформациялык абалынын математикалык моделин иштеп чыгуу болуп саналат, ал чыңалуу талааларынын суммасынан турат:

$$\sigma_x^0 = \sigma_x^n + \sigma_x^{\text{р}} + \sigma_x^m + \sigma_x^{\text{н}},$$
$$\sigma_y^0 = \sigma_y^n + \sigma_y^{\text{р}} + \sigma_y^m + \sigma_y^{\text{н}},$$
$$\tau_{\text{xy}}^0 = \tau_{\text{xy}}^{\text{п}} + \tau_{\text{xy}}^{\text{р}} + \tau_{\text{xy}}^{\text{т}} + \tau_{\text{xy}}^{\text{н}}. \quad (8)$$

Чыңалуу компоненттеринин «*n*» жогорудагы индекси дифференциалдык тең салмактуулук теңдемелеринин интегралдары болуп саналат:

$$\sigma_x^{\text{п}} = \text{A}_1 \cdot y + T_x; \;\; \sigma_y^{\text{п}} = A_2 y; \;\; \tau_{xy}^{\text{п}} = A_3 y \quad (9)$$

мында $A_1 = \lambda \cdot \gamma \cdot (1 - k_c \cdot \cos\delta)$; $A_2 = \gamma \cdot (1 - k_c \cdot \cos\delta)$; $A_3 = k_c \cdot \gamma \cdot \sin\delta$

Мында көрсөтүлдү: γ - тоо тектердин көлөмдүк салмагы, тоо тектеринин тыгыздыгы жана тартылуу күч ылдамдануу көбөйтүндүсү катары; $\gamma_{\text{c}} = \text{к}_{\text{c}}\gamma$ - сейсмикалык күч; g - тартылуу күч ылдамдануусу; T_x- тектоникалык кысуу, ал негизинен туурасынан багытталган; λ - каптал кеңейүү коэффициенти; k_c - тоолуу аймактын сейсмикалык коэффициенти;
$\rho_x = \gamma k_c \sin\delta$ – туура сызык күчүнүн багыты ; $\rho_y = \gamma(1 - k_c \cos\delta)$ – тик сызык оордук күчүнүн багыты.

Моделдеги (8) чыналуу компоненетеринин $(\sigma_x^{\text{р}}, \sigma_y^{\text{р}}, \tau_{\text{xy}}^{\text{р}})$ жогорудагы индекси «р» тоо тектеринин рельефинин таасирин билдирет. Биринчи эки чыңалуу талаасынын суммасы кээде тоо рельефи бар тоо тулкусунун баштапкы чыңалуу абалы деп аталат жана төмөнкү катыштар менен эсептелет:

$$\sigma_x^{\text{н}} = \sigma_x^n + \sigma_x^{\text{р}}, \qquad \sigma_y^{\text{н}} = \sigma_y^n + \sigma_y^{\text{р}}, \qquad \tau_{\text{xy}}^{\text{н}} = \tau_{\text{xy}}^{\text{п}} + \tau_{\text{xy}}^{\text{р}}. \quad (10)$$

Тоолуу рельефтүү тегиздиктин бетиндеги чыңалуу талаасы (10) төмөнкү чек шарттарын канааттандырат:

$$(\sigma_x^p + \sigma_x^n + T_x) \cdot (\cos n, x) + (\tau_{xy}^p + \tau_{xy}^n)) \cdot (\cos n, y) = 0$$
$$(\tau_{xy}^p + \tau_{xy}^n) \cdot (\cos n, x) + (\sigma_y^n + \sigma_y^p) \cdot \cos(n, y) = 0 \quad (11)$$

Тоолуу рельефтүү тоо тулкусунун чыңалуу абалын изилдоо ыкмасы Колосов-Мусхелишвилинин изилдөө методу менен конформдык чагылдыруу жана Коши тибиндеги интегралдардын касиеттерин колдонууда натыйжалуураак. Буга Н.И. Мусхелишвили, Г.Н. Савина, Ж.С. Ержанов, Б Жумабаев жана алардын жолун жолдоочулардын эмгектери далил болот.

Чыңалууларды (10) аныктоо үчүн конформдук чагылдыруу функциялары колдонулган:

$$z = \omega(\zeta); \;\; z = x + i \cdot y; \; \zeta = \xi + i \cdot \eta; \; i = \sqrt{-1};$$
$$\omega(\zeta) = ib \cdot \zeta(\xi, \eta)^2 + a \cdot \zeta + \omega_0(\zeta);$$
$$\omega_0(\zeta) = a_1/(\zeta - i) + b_1/(\zeta + t_b - i) \quad (12)$$

Мында a, a_1, b_1, t_b туруктуу параметрлерин өзгөртүү менен тоо рельефинин ар кандай формаларын түзүүгө жетишилет. «*р*» жогорку индекси чыңалуу компоненттери ийри сызыктуу координаттар ξ, η үчүн
Н.И. Мусхелишвили фунциясы аркылуу аныкталат.

Мындай учурда $\sigma_x, \sigma_y, \tau_{xy}$ чыңалуу компоненттеринин ордуна $\Phi(\zeta), \Psi(\zeta)$ функциялары менен туюнтулган $(\sigma_{\xi}, \sigma_{\eta}, \tau_{\xi\eta})$, чыңалуу компоненттерине жаңы белгилөөлөрдү киргизебиз жана Колосов-Мусхелишвилинин функуиясынын жардамы менен өзгөртөбүз:

$$\sigma_\xi + \sigma_\eta = \sigma_x + \sigma_y \tag{13}$$

$$\sigma_\eta - \sigma_\xi + 2i\tau_{\xi\eta} = e^{2i\alpha}\left(\sigma_y - \sigma_x + 2i\tau_{xy}\right)$$

Оң жагындагы чыңалуу компоненттерин (6) Колосов-Мусхелишвили функциялары менен алмаштырсак, анда:

$$\sigma_\xi + \sigma_\eta = 2\left[\Phi(\zeta) + \overline{\Phi(\zeta)}\right]$$

$$\sigma_\eta - \sigma_\xi + 2i\tau_{\xi\eta} = 2\left[\overline{\omega(\zeta)}\Phi'(\zeta) + \omega'(\zeta)\Psi(\zeta)\right] \cdot \frac{\omega'(\zeta)}{\omega'(\zeta)} \tag{14}$$

$\Phi(\zeta), \Psi(\zeta)$ функциялары чектик маселенин чечими болуп саналат:

$$\Phi(t)\,\overline{\omega(t)'} + \overline{\Phi(t)}\,\omega(t)' + \omega(t)\,\overline{\Phi(t)'} + \overline{\omega(t)'}\,\overline{\Psi(t)} = [N(t) - i\,T(t)]\overline{\omega(t)'},$$

$$\Phi(t)\,\overline{\omega(t)'} + \overline{\Phi(t)}\,\overline{\omega(t)'} + \overline{\omega(t)}\,\Phi(t)' + \omega(t)'\,\Psi(t) = [N(t) + i\,T(t)]\overline{\omega(t)'} \tag{15}$$

Чектүү шарттарынын (11) Коши тибиндеги интегралдары төмөнкүдөй формага ээ:

$$\Phi(\zeta) \cdot \omega'(\zeta) + G(\zeta) = B(\varsigma),$$

$$\Psi(\zeta) \cdot \omega'(\zeta) + \Phi(\zeta) \cdot \overline{\omega}(\zeta) + \Phi'(\zeta) \cdot \overline{\omega'}(\zeta) - \overline{G}(\zeta) = A(\zeta),$$

$$G(\zeta) = -a_1\overline{\Phi_1}/[\zeta - i]^2 - b_1\overline{\Phi_2}/[\zeta + t_b - i]^2$$

(14) – (15) байланышы ийри сызыктуу координаттар $(\sigma_{\xi}, \sigma_{\eta}, \tau_{\xi\eta})$ үчүн баштапкы чыңалуу абалын табууга жана андан кийин $\sigma_x, \sigma_y, \tau_{xy}$ декарттык координаттарына өтүүгө мүмкүндүк берет. Тоонун баштапкы чыңалуу абалы үчүн эсептөөлөрү 1-таблицада келтирилген.

Таблица 1 - Тоо бетиндеги контурундагы чыңалуулардын мааниси

0	t	x (м)	y(м)	σ_1(МПа)	σ_2(МПа)	N(МПа)	T(МПа)	T_{max}(МПа)
1	-5	-621.2	-5.8	0	-33.7	$2.1\cdot 10^{-15}$	$2.4 \cdot 10^{-15}$	-33.4
2	-4	-550	0	0	-46.3	0	0	-43
3	-3	-495	15	0	-81.5	$7.1\cdot 10^{-15}$	$3.6 \cdot 10^{-15}$	-22.5
4	-1	-470	60	$3.6 \cdot 10^{-15}$	-32.7	$6.4 \cdot 10^{-15}$	$1.3 \cdot 10^{-14}$	-32.4
5	0	-475	225	0	-2.3	0	0	-2.2
6	1	-150	600	$2.2 \cdot 10^{-15}$	-0.5	$2.2\cdot 10^{-15}$	0	-0.4
7	2	325	375	$4.6 \cdot 10^{-15}$	-1.9	$4.4 \cdot 10^{-15}$	$2.1\cdot 10^{-15}$	-0.5
8	3	410	180	$4.4 \cdot 10^{-15}$	-13.8	$4.4 \cdot 10^{-15}$	$4.4 \cdot 10^{-15}$	-5.9
9	4	495	105	0	-34.9	0	$3.1\cdot 10^{-15}$	-1.9
10	5	532.4	70.6	0	-35	0	0	-22.3

Гравитациялык тартылуу, оордук, сейсмикалык күчтөрүнүн жана тектоникалык кысуулардын таасири астында капчыгайдын чыңалуу абалынын маселесин чечүү 2-таблицада эсептөө үчүн кабыл алынды:

$$T_x = \text{-}5.1 МПа,\ \gamma = 2.5 \cdot 10^2 \text{Па}.$$

Таблица 2 – Тартылуу, сейсмикалык, оордук күчтөрүнүн жана тектоникалык кысуулардын биргелешкен аракетиндеги каньондун контурдук чыңалуусу

№	*x(м)*	*y(м)*	σ_1(МПа)	σ_2(МПа)	N(МПа)	T(МПа)
1	-6.4	64	$-1.4 \cdot 10^{-9}$	-19	$-1.4 \cdot 10^{-8}$	$-2 \cdot 10^{-7}$
2	-5.6	49	$-1.8 \cdot 10^{-9}$	-19.9	$-1.8 \cdot 10^{-8}$	$-2.1 \cdot 10^{-7}$
3	-4.8	36	$-2.5 \cdot 10^{-9}$	-21.2	$-2.5 \cdot 10^{-8}$	$-2.3 \cdot 10^{-7}$
4	-4.0	25	$-3.9 \cdot 10^{-9}$	-23.1	$-3.9 \cdot 10^{-8}$	$-2.4 \cdot 10^{-7}$
5	-3.2	16	$-6.7 \cdot 10^{-9}$	-26.4	$-6.7 \cdot 10^{-8}$	$-2.2 \cdot 10^{-7}$
6	-2.4	9	$-1.5 \cdot 10^{-8}$	-33.4	$-1.5 \cdot 10^{-7}$	$-5.9 \cdot 10^{-8}$
7	-1.6	4	$-5.1 \cdot 10^{-8}$	-52.6	$-5.1 \cdot 10^{-7}$	$-8.3 \cdot 10^{-7}$
8	-0.8	1	$-4.9 \cdot 10^{-7}$	-143.2	$-4.9 \cdot 10^{-6}$	$-9.3 \cdot 10^{-6}$
9	0	$-8 \cdot 10^{-7}$	$-2.3 \cdot 10^{-5}$	-928	$-2.3 \cdot 10^{-4}$	0
10	0.8	1	$-4.9 \cdot 10^{-7}$	-143.2	$-4.9 \cdot 10^{-6}$	$9.3 \cdot 10^{-6}$

Капчыгайдын туннель жок учурдагы баштапкы чыңалуу абалы эсептелди. Декарттык координаталарга карата эсептелген чыңалуулардын бөлүштүрүлүшү 1-сүрөттө ар бир чыңалуу компоненти үчүн төмөнкүдөй шартта берилген: $\lambda = 0{,}5; \gamma = 2{,}75 \cdot 10^{-2}; T_x = -20 МПа.$



1-сүрөт. Капчыгайдын тулкусундагы чыңалуунун таралышы (МПа)

Тоо рельефинин беш түрү боюнча баштапкы чыңалуу абалына жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1. Тоолуу рельефтүү тоо тулкусунун бардык чекиттеринде үч чыңалуу компоненти S_x, S_y, S_{xy} - (МПа) пайда болот. Бир октуу жана эки октуу абалы өтө сейрек кездешет.
2. $z_1 = \omega(\zeta)$ түрүндөгү чагылдыруу функциянын болушу Н.И. Мусхелешвили, Б.Жумабаев, Г.Н. Савин, Ш.М. Айталиев, Ж.С. Ержановдун эмгектеринде тоо тулкусунун чыңалуу абалын эң жогорку эффективдүү изилдөөгө мүмкүндүк берет.

3. Тоонун бийиктиктерин жана ойдуңдардын тереңдиктерин салыштырганда туннелдин пайда болушуна алардын кичине мүнөздүү өлчөмдөрүнүн таасирин аныктоо үчүн, тоо тулкусунун баштапкы чыңалуу абалы S_x, S_y, S_{xy} - *(МПа)* менен эсептелген чоңдуктар жетиштүү тактык менен аныкталат деп ойлойбуз.

Үчүнчү бөлүмдө суунун басымынын таасирин эсепке албастан, тоолуу рельефтүү тоо тулкусунун астындагы туннелдердин жана казанактардын айланасындагы чыңалуу абалынын математикалык модели берилген.

Туннелдердин айланасындагы тоо тулкусунун чыңалуу абалы туннелдин контур чекиттериндеги чек ара шарттарын (15) канааттандырган алгачкы үч чыңалуу талаасынан (8) турат.

Демек, туннелди түзүү учурундагы чыңалуу талаасы $\sigma_x^m, \sigma_y^m, \tau_{xy}^m$ чектик шарттын (15) негизинде изделет. Туннелдердин кесилиштерин моделдөө үчүн колдонулган тешиктердин формалары абдан ар түрдүү жана татаал конфигурацияга ээ.

Андан аркы ой жүгүртүүнүн ыңгайлуулугу үчүн, чагылдыруу функциясын колдонуу менен, бир көмөкчү комплекс өзгөрмөлүү $\zeta = \zeta + i\eta$ сыртына тешиктердин сырткы көрүнүшүнүн конформдык чагылдыруусун колдонобуз:

$$z = \omega(\zeta);\ z = x + \iota \cdot y;$$
$$\omega(\zeta) = e^{i\delta} R[\zeta + \omega_0(\zeta)];\ \omega_0(\zeta) = \sum_{k=1}^{5} d_k/\zeta^k \qquad (16)$$

Бул жерде $1 \le \rho \le \infty$ оң сандардын огу; $0 \le \theta \le 2\pi$- радианда;

R – тешиктин өлчөмдөрүнүн өзгөрүү коэффициенти; δ – туурасынын кеткен окко салыштырмалуу тешик симметрия огунун багытын орнотуу үчүн параметр (радиан менен), чагылдыруу функциясынын параметрлери d_1, d_2, d_3, d_4, d_5, алардын маанилерин өзгөртүү аркылуу туннелдин кесилиштеринин ар түрдүү жана татаал формаларын моделдөө жетишилет.

(16) түрүн көрсөтүүдө *ox* октордун багыттары менен ρ тангенс ийри сызыгынын ортосундагы α бурч төмөнкү формула менен аныкталат:

$$e^{2i\alpha} = \zeta^2 \omega'(\zeta)/\left(\rho^2 \overline{\omega'(\zeta)}\right);\quad e^{-2i\alpha} = \overline{\zeta}^2 \overline{\omega'(\zeta)}/(\rho^2 \omega'(\zeta)) \qquad (17)$$

Туннелди түзүү учурундагы чыңалуу талаасы чектөөчү маселесин чечүүдөн аныкталуучу $\varphi(\sigma)$ жана $\psi(\sigma)$, функциялары менен мүнөздөлөт:

$$[R\Gamma\sigma + \varphi(\sigma)] + \left[R\overline{\Gamma} + \overline{\varphi'(\sigma)}\right] \cdot \left[\omega(\sigma)/\overline{\omega'(\sigma)}\right] + \left[\overline{R\Gamma'\sigma} + \overline{\psi(\sigma)}\right] = 0$$
$$\left[\overline{R\Gamma\sigma} + \overline{\varphi(\sigma)}\right] + [R\Gamma + \varphi'(\sigma)] \cdot \left[\overline{\omega(\sigma)}/\omega'(\sigma)\right] + [R\Gamma'\sigma + \psi(\sigma)] = 0 \qquad (18)$$

Чектөө шартынын (18) Коши тибиндеги интегралдары төмөнкү формага ээ:

